# ЭФОТК (IFRIC) 2 түшүндүрмөсү
# ***«Катышуучулардын кооперативдик ишканалардагы үлүштөрү жана ушул сыяктуу инструменттер»***

## Шилтемелер

- «*Финансылык инструменттер*» ФОЭС (IFRS) 9
- *«Адилет наркты баалоо»* ФОЭС (IFRS) 13
- *«Финансылык инструменттер: маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IAS) 32 (2003-жылы кайра каралган)[1]

## Баштапкы маалымат

1 Кооперативдер жана башка ушул сыяктуу ишканалар жалпы экономикалык жана социалдык максаттарга жетүү үчүн адамдардын тобу тарабынан түзүлөт. Ар кандай өлкөлөрдүн улуттук мыйзамдарында кооператив мүчөлүккө негизделген жана экономикалык өсүүгө жетишүү максатында бизнес ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу үчүн мүчөлөрдүн аракеттеринин биригүүсү каралган коомдоштук катары аныкталат (өз ара жардамдашуу принциби). Кооперативдин мүчөлөрүндө болгон катышуу үлүштөрү көп учурда катышуучулардын үлүштөрү, пайлар ж.б. деп аталат, жана ушул түшүндүрмөнүн максаттары үчүн алар «катышуучулардын үлүштөрү» деп аталат.

2 ФОЭС (IAS) 32 финансылык инструменттердин классификациясынын принциптерин финансылык милдеттенмелер же өздүк капитал катары белгилейт. Ошону менен бирге, ушул принциптер кайра артка сатуу укугу менен инструменттерди классификациялоодо колдонулат, алар алардын кармоочуларына ушул инструменттерди акча каражаттарына же башка финансылык инструментке кайра эмитентке сатууга мүмкүнчүлүк берет. Белгиленген принциптерди катышуучулардын кооперативдик ишканалардагы үлүштөрүнө жана ошол сыяктуу инструменттерге карата колдонуу кыйынчылыкты жаратат. Айрым кызыкдар тараптар Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча кеңешке катышуучулардын үлүштөрүнө жана белгилүү мүнөздөмөлөрү бар ошол сыяктуу инструменттерге карата ФОЭС (IAS) 32нин принциптерин кантип колдонуу керектигин, ошондой эле белгиленген мүнөздөмөлөр милдеттенмелер же өздүк капитал сыяктуу инструменттердин классификациясына таасир эткен жагдайларга түшүндүрмө берүү үчүн кайрылышкан.

## Колдонуу чөйрөсү

3 Ушул түшүндүрмө кооперативдик ишканалардын катышуучуларына тийиштүү ишканадагы аларга таандык болгон ээлик кылуу үлүштөрүн тастыктоо катары берилген финансылык инструменттерди кошуп, ФОЭС (IAS) 32нин колдонуу чөйрөсүнө кирген финансылык инструменттерге карата колдонулат. Ушул түшүндүрмө алар боюнча эсептешүүлөр ишкананын өздүк үлүштүк инструменттери тарабынан жүргүзүлө турган же жүргүзүлүшү мүмкүн болгон финансылык инструменттерге карата колдонулбайт.

---

[1] 2005-жылдын августунда ФОЭС (IAS) 32 *«Финансылык инструменттер: маалымат берүү»* ФОЭС (IAS) 32ге өзгөртүлгөн. 2008-жылдын февралында ФОЭС боюнча кеңеш ФОЭС (IAS) 32ге түзөтүү киргизип, эгер бул инструменттер бардык мүнөздөмөлөргө ээ болсо жана ФОЭС (IAS) 32нин 16A жана 16B-пункттарынын же 16C жана 16D-пункттарынын шарттарына туура келсе, инструменттер үлүштүк катары классификацияланышын талап кылган.

© ФОЭС Фонду 

## Суроо

4 Катышуучулардын үлүштөрүн кошо алганда, финансылык инструменттердин көбү дивиденддерди бөлүштүрүүдө добуш укугун жана катышуу укугун кошуп, өздүк капиталдын мүнөздөмөлөрүнө ээ. Айрым финансылык инструменттер өздөрүнүн кармоочуларына аларды акча каражаттарына же башка финансылык активге сатып алууну талап кылууга укук берет, бирок аларда чектөөлөр каралышы же алар сатып алуунун өзүнө карата чектөөлөрдөн көз каранды болушу мүмкүн. Ушул финансылык инструменттерди милдеттенмелер же өздүк капитал катары классификациялоо керекпи деген суроону чечүүдө кайра сатып алуунун белгиленген шарттарын кантип баалоо керек?

## Консенсус

5 Финансылык инструменттин кармоочусунун (кооперативдик ишканалардагы катышуучулардын үлүштөрүн кошуп) келишимде каралган, аны кайра сатып алууну талап кылуу укугу белгиленген финансылык инструментти өзүнөн өзү финансылык милдеттенме катары классификациялоо зарылчылыгына алып келбейт. Бирок ишкана ушул финансылык инструментти финансылык милдеттенме же өздүк капитал катары классификациялоо жөнүндө маселени чечүүдө анын бардык параметрлерин жана шарттарын эске алышы керек. Мындай параметрлерге жана шарттарга классификациялоо күнүнө карата колдонуудагы жергиликтүү мыйзамдар, ченемдик актылар жана ишкананын уставы таандык, бирок ошол мыйзамдардын, ченемдик актылардын же уставдын келечекте күтүлүп жаткан өзгөртүүлөрү аларга таандык эмес.

6 Эгерде катышуучулардын үлүштөрдүн кайра сатып алуусун талап кылууга укугу жок болгондо, аларда бар болгон, өздүк капитал катары классификацияланa турган үлүштөр аларда 7 жана 8-пункттарда сыпатталган шарттардын бири болгондо, же болбосо, катышуулардын үлүштөрүндө ФОЭС (IAS) 32нин 16А жана 16В-пункттарында же 16С жана 16D-пункттарында баяндалган бардык мүнөздөмөлөр бар болгондо жана алар ошол шарттарды канааттандырганда, өздүк капитал болуп саналат. Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер, анын ичинде катышуучулар кардарлар катары чыккан учурларда пайда болгон учурдагы эсептер, депозиттик эсептер жана ошол сыяктуу келишимдер ишкананын финансылык милдеттенмелери болуп саналат.

7 Катышуучулардын үлүштөрү эгерде ишкананын ошол үлүштөрдү кайра сатып алуудан баш тартууга шартсыз укугу бар болсо, өздүк капитал болуп саналат.

8 Жергиликтүү мыйзамдар, ченемдик актылар жана ишкананын уставы катышуучулардын үлүштөрүн кайра сатып алууга карата тыюу салуулардын ар кандай түрлөрүн белгилеши мүмкүн, мисалы, шартсыз тыюу салуу же ликвиддүүлүк критерийлерине негизделген тыюу салуу. Эгерде жергиликтүү мыйзамдарда, ченемдик актыларда жана ишкананын уставында кайра сатып алууга шартсыз тыюу салуу каралса, анда катышуучулардын үлүштөрү өздүк капитал болуп саналат. Бирок жергиликтүү мыйзамдарда, ченемдик актыларда же ишкананын уставында белгилүү шарттарга ылайык келгенде (же ылайык келбегенде) гана кайра сатып алууга тыюу салган (мисалы, ликвиддүүлүккө байланыштуу чектөөлөр) жоболордун бар болушу катышуучулардын үлүштөрүн өздүк капиталга кошууга алып келбейт.

9 Шартсыз тыюу салуу толук болушу мүмкүн, башкача айтканда, ар кандай кайра сатып алууларга тыюу салат. Шартсыз тыюу салуу жарым-жартылай болушу мүмкүн, башкача айтканда мындай кайра сатып алуунун натыйжасында катышуучулардын үлүштөрүнүн саны же катышуучулар тарабынан төлөнгөн капиталдын көлөмү белгилүү деңгээлден төмөн болуп калса, катышуучулардын үлүштөрүн кайра сатып алууга тыюу салат.7-пунктта сыпатталгандай ишкананын

кайра сатып алуудан шартсыз баш тартууга укугу бар болгон, же катышуучулардын үлүштөрүндө ФОЭС (IAS) 32нин 16A жана 16B-пункттарында же 16C жана 16D-пункттарында баяндалган бардык мүнөздөмөлөрү бар болгон жана алардагы шарттарды канааттандырган учурлардан тышкары, кайра сатып алуунун белгиленген чектөөчү деңгээлинен ашкан катышуучулардын үлүштөрүнүн көлөмү милдеттенме болуп саналат. Айрым учурларда кайра сатып алууга тыюу салынган үлүштөрдүн саны жана төлөнгөн капиталдын көлөмү мезгил-мезгили менен өзгөрүлүшү мүмкүн. Кайра сатып алууга тыюу салуу шарттарынын мындай өзгөрүлүшү финансылык милдеттенмелердин жана өздүк капиталдын ортосунда кайра классификациялоого алып келет.

10 Ишкана кайра сатып алууга карата өзүнүн финансылык милдеттенмесин баштапкы тааныганда, ал аны адилет нарк боюнча баалашы керек. Кайра сатып алуу укугу каралган катышуучулардын үлүшүнө карата ишкана тийиштүү финансылык милдеттенменин адилет наркын ишкананын уставында каралган кайра сатып алуу жөнүндө жоболорго ылайык төлөп берилүүгө жаткан максималдуу суммага салыштырмалуу кем эмес суммада, же ошол сумманы төлөп берүү зарыл болгон биринчи күндөн тартып дисконттолгон колдонуудагы мыйзамдардын талаптарына ылайык баалайт (3-мисалды караңыз).

11 ФОЭС (IAS) 32нин 35-пунктундагы талаптарга ылайык үлүштүк инструменттердин кармоочуларына бөлүштүрүлгөн суммалар түздөн-түз өздүк капиталдын курамында таанылат. Финансылык милдеттенмелер катары классификацияланган финансылык инструменттерге таандык пайыздар, дивиденддер жана башка төлөмдөр ошол төлөп берилген суммалар юридикалык жактан дивиденддер, пайыздар же башкача катары аныкталгандыгына карабастан, чыгашалар болуп саналат.

12 Ушул консенсустун ажырагыс бөлүгү болуп саналган Тиркемеде ушул консенсусту колдонуу мисалдары келтирилген.

## Маалыматты ачып көрсөтүү

13 Кайра сатып алууга тыюу салууну аныктоонун өзгөрүлүшү финансылык милдеттенмелердин жана өздүк капиталдын категорияларынын ортосунда суммалардын которуусуна алып келген учурларда ишкана мындай которуунун суммасын, мөөнөттөрүн жана себебин ачып көрсөтүшү керек.

## Effective date

14 Ушул Түшүндүрмөнүн күчүнө кирүү күнү жана өткөөл жоболору ФОЭС (IAS) 32 (2003-жылы кайра каралган) үчүн белгиленгендерге окшош. Ишкана ушул Түшүндүрмөнү 2005-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Эгерде ишкана ушул Түшүндүрмөнү 2005-жылдын 1-январына чейин башталган мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек. Ушул Түшүндүрмө ретроспективдүү колдонууга жатат.

14A Ишкана 6, 9, A1 жана A12-пункттарында камтылган түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Эгерде ишкана 2008-жылдын февралында чыккан «*Кайра артка сатуу укугу менен финансылык инструменттер жана жоюу учурунда келип чыккан милдеттенмелер*» документинин талаптарын андан алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, 6, 9, A1 жана A12-пункттарындагы түзөтүүлөр ушундай алда канча эрте мезгилге карата колдонулушу керек.

15 [Алып салынган]

16 2011-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 13 тарабынан А8-пунктуна түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана ошол түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 13тү колдонуу менен бир мезгилде колдонушу керек.

17 2012-жылдын майында чыгарылган *«ФОЭСтерди жыл сайын жакшыртуу, 2009-2011-жылдар аралыгы»* документи менен 11-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген. Ишкана белгиленген түзөтүүнү 2013-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар*» ФОЭС (IAS) 8ге ылайык ретроспективдүү колдонушу керек. Эгерде ишкана ФОЭС (IAS) 32ге *«ФОЭСтерди жыл сайын жакшыртуу, 2009-2011-жылдар аралыгы»* (2012-жылдын майында чыгарылган) документи менен киргизилген түзөтүүнү андан алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, 11-пунктта каралган түзөтүү ошондой алда канча эрте мезгил үчүн да колдонулушу керек.

18 [Алып салынган]

19 2014-жылдын июлунда чыгарылган ФОЭС (IFRS) 9 А8 жана А10-пункттарына өзгөртүүлөрдү киргизип, 15 жана 18-пункттарды алып салган. Ишкана белгиленген түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу менен бир мезгилде колдонушу керек.

 © ФОЭС Фонду

# Тиркеме
# Ушул консенсусту колдонуу мисалдары

*Бул тиркеме ушул Түшүндүрмөнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

A1 Бул тиркемеде ушул ЭФОТК түшүндүрмөсүнүн «Консенсус» бөлүгүндө баяндалган ыкманы колдонуунун жети мисалы келтирилген. Бул мисалдардын тизмеги акыркы эмес; башка да жагдайлар болушу мүмкүн. Бардык мисалдар финансылык инструментти финансылык милдеттенме катары классификациялоону талап кылышы мүмкүн болгон ар бир өзүнчө мисалда келтирилгендерден тышкары, башка шарттар жок деген, жана финансылык инструмент ФОЭС (IAS) 32нин 16A жана 16B-пункттарында же 16C жана 16D-пункттарында баяндалган бардык мүнөздөмөлөргө ээ эмес жана шарттарды канааттандырбайт деген божомолдон келип чыккан..

## Кайра сатып алуудан баш тартууга шартсыз укук (7-пункт)

### 1-мисал

#### Кырдаал

A2 Ишкананын уставы катышуучулардын үлүштөрүн кайра сатып алуу ишкананын ыктыяры боюнча гана жүргүзүлөрүн белгилейт. Уставда ишканага берилген аракет кылуу эркиндигине карата андан аркы тактоолор же чектөөлөр каралган. Ишкана бар болгондон тартып жетекчилик кылган органда мындай мүмкүнчүлүк болгону менен, эч качан катышуучулардын үлүштөрүн кайра сатып алуудан баш тарткан эмес.

#### Классификациялоо

A3 Ишкананын кайра сатып алуудан баш тартууга шартсыз укугу бар, жана катышуучулардын үлүштөрү өздүк капитал болуп саналат. ФОЭС (IAS) 32 тийиштүү финансылык инструменттин шарттарында негизделген класификациялоонун принциптерин белгилейт, жана ишкананын каалоосу боюнча төлөмдөргө карата төлөмдөрдү жүргүзүүнүн тарыхы же төлөмдөрдү жүргүзүү ниети финансылык инструментти милдеттенме катары классификациялоого негиз болуп саналбайт деп белгилейт. ФОЭС (IAS) 32нин AG26-пункту төмөнкүлөрдү аныктайт:

> Артыкчылыктуу акциялар төлөнбөс болуп саналганда, тийиштүү классификациялоо аларда каралган башка уктар менен аныкталат. Классификациялоо жөнүндө маселе макулдашуулардын маңызын талдоонун негизинде жана финансылык милдеттенме менен үлүштүк инструменттин аныктамаларынан улам чечилет. Топтолуучу же топтолбоочу артыкчылыктуу акциялардын кармоочуларына төлөмдөр эмитенттин каалоосу боюнча жүргүзүлгөндө бул акциялар үлүштүк инструменттер болуп саналат. Артыкчылыктуу акцияны үлүштүк инструмент же финансылык милдеттенме катары классификациялоого, мисалы, төмөнкүлөр таасир этпейт:

(a) төлөмдөрдү жүргүзүүнүн тарыхы;

(b) келечекте төлөмдөрдү жүргүзүү ниети;

(c) эгерде төлөмдөр жүргүзүлбөсө, эмитенттин жөнөкөй акцияларынын баасына мүмкүн болуучу терс таасир этүү (артыкчылыктуу акциялар боюнча дивиденддерди төлөп бербөө учурунда жөнөкөй акциялар боюнча дивиденддердин төлөп берилишине чектөөлөр болгону үчүн);

(d) эмитентте болгон резервдердин көлөмү;

(e) мезгил ичинде пайдага же зыянга карата эмитенттин күтүүлөрү; же

(f) мезгил ичинде өзүнүн пайдасынын же зыянынын көлөмүнө эмитенттин таасир этүү кудуреттүүлүгү же кудуретсиздиги.

### 2-мисал

#### Кырдаал

A4 Ишкананын уставы катышуучулардын үлүшүн сатып алуу ишкананын каалоосу боюнча гана жүргүзүлгөндүгүн белгилейт. Бирок мындан ары устав мындай төлөмдөрдүн ишкана тарабынан жүргүзүлүшү ликвиддүүлүккө же резервдерге тийиштүү жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды бузуу менен байланыштуу болгон учурлардан тышкары, кайра сатып алуунун талабы автоматтык түрдө жактырылган болуп саналат деп белгилейт.

**Классификациялоо**

A5 Ишкананын кайра сатып алуудан баш тартууга шартсыз укугу жок, жана катышуучулардын үлүштөрү финансылык милдеттенмелер болуп саналат. Жогоруда сыпатталган чектөөлөр ишкананын өз милдеттенмесин жөнгө салуу жөндөмдүүлүгүнө негизделген. Ликвиддүүлүккө жана резервдерге тийиштүү талаптар аткарылбаса, кайра сатып алууну жүзөгө ашырууга чектөөлөр күчүнө кирет жана ошол талаптар аткарылмайынча гана күчүндө болот. Мындан улам, ФОЭС (IAS) 32де белгиленген принциптерге ылайык алар ушул финансылык инструментти өздүк капиталдын курамында классификациялоого алып келет. ФОЭС (IAS) 32нин AG25-пункту төмөнкүлөрдү аныктайт:

> Артыкчылыктуу акциялар ар кандай укуктар менен чыгарылышы мүмкүн. Артыкчылыктуу акция финансылык милдеттенме же үлүштүк инструмент болуп саналаары жөнүндө маселени чечүүдө эмитент анда финансылык милдеттенменин негизги мүнөздөмөлөрү бар болушун аныктоо үчүн ушул акцияда каралган конкреттүү укуктарды баалайт. Мисалы, белгилүү күндө же анын кармоочусунун тандоосу боюнча кайра сатып алынышы каралган артыкчылыктуу акция финансылык милдеттенмени камтыйт, анткени эмитенттин финансылык активдерди акциянын кармоочусуна өткөрүп берүү милдети бар. *Каражаттардын жетишсиздигинен улам, администрациялык чектөөлөр же жетишсиз пайда же резервдер үчүн келишим боюнча талап кылынган учурда эмитенттин артыкчылыктуу акцияны төлөө боюнча өз милдеттерин аткарууга потенциалдык кудуретсиздиги ал милдетти жокко чыгарбайт* [Курсив кошулган]

## Кайра артка сатып алууга тыюу салуулар (8 жана 9-пункттар)

### 3-мисал

#### Кырдаал

A6 Кооперативдик ишкана өткөн мезгилде өзүнүн катышуучуларына үлүштөрдүн чыгарылышын ар кандай күндөрдө жана ар кандай нарк менен төмөнкүдөй кылып жүзөгө ашырган:

(a) 20X1-жылдын 1-январы – ар бири 10 а.б. түзгөн 100 000 үлүш (1 000 000 а. б.);

(b) 20X2-жылдын 1-январы – ар бири 20 а.б. түзгөн 100 000 үлүш (кошумча 2 000 000 а. б., ошентип чыгарылган үлүштөрдүн жалпы суммасы 3 000 000 а.б. түзөт).

Үлүштөр алар чыгарылган баа боюнча талапка ылайык төлөнүүчү болуп саналат.

 © ФОЭС Фонду

A7 Ишкананын уставы кайра сатып алуунун жалпы суммасы катышуучуларынын үлүштөрүнүн бир убакта катышуучуларда болгон эң көп санына карата 20 пайыздан ашпоого тийиш деп белгилейт. 20X2-жылдын 31-декабрындагы абалга карата ишкана 200 000 чыгарылган үлүшкө ээ, бул бир убакта катышуучуларда болгон үлүштөрдүн эң көп саны болуп саналат, жана ошол эле учурда өткөн мезгилде эч кандай үлүштөр төлөнгөн эмес. 20X3-жылдын 1-январында ишкана уставына өзгөртүүлөрдү киргизип, кайра сатып алуунун жалпы суммасынын жол берилген деңгээлин анын катышуучуларынын үлүштөрүнүн бир убакта катышуучуларда болгон эң көп санынан 25 пайызга чейин көтөрөт.

## Классификациялоо

*Уставга өзгөртүүлөрдү киргизгенге чейин*

A8 Кайра сатып алуунун белгиленген чектөөчү деңгээлинен ашкан катышуучулардын үлүшүнүн көлөмү милдеттенме болуп саналат. Кооперативдик ишкана ушул финансылык милдеттенмени баштапкы таанууда адилет нарк боюнча баалайт. Ал үлүштөр талап боюнча төлөнүүчү болгондуктан, кооперативдик ишкана мындай финансылык милдеттенмелердин адилет наркын ФОЭС (IFRS) 13түн 47-пунктунун талаптарына ылайык баалайт, ал төмөнкүнү белгилейт: «Талап боюнча төлөөгө жол берген финансылык милдеттенменин (мисалы, талап боюнча төлөнүүчү депозит) адилет наркы аны талап кылуу учурунда төлөнө турган суммадан аз болушу мүмкүн эмес…». Буга ылайык, кооперативдик ишкана финансылык милдеттенме катары кайра сатып алуу жөнүндө жоболорго ылайык аны талап кылуу учурунда төлөнө турган максималдуу сумманы классификациялайт.

A9 20X1-жылдын 1-январына карата абал боюнча кайра сатып алуу жөнүндө жоболорго ылайык төлөнө турган максималдуу сумма ар бири 10 а.б. түзгөн 20 000 үлүштү түзөт, жана, буга ылайык, ишкана 200 000 а.б. финансылык милдеттенме жана 800 000 а.б. өздүк капитал катары баалайт. Бирок 20X2-жылдын 1-январына карата абал боюнча үлүштөрдү 20 а.б. баасы боюнча жаңы чыгаруунун натыйжасында төлөнө турган максималдуу сумма кайра сатып алуу жөнүндө жоболорго ылайык ар бири 20 а.б. түзгөн 40 000 үлүшкө көбөйүп жатат. 20 а.б. баасы боюнча үлүштөрдү кошумча чыгаруу баштапкы таанууда адилет нарк боюнча баалана турган жаңы милдеттенмени түзүп жатат. 20 а.б., же 800 000 а.б. боюнча бааланган белгиленген үлүштөрдү чыгаруудан кийин ушул милдеттенменин көлөмү чыгарылган үлүштөрдүн жалпы санына карата 20 пайызды түзөт (200 000). Бул 600 000 а.б. өлчөмүндөгү кошумча милдеттенмени таанууну талап кылат. Ушул мисалда пайда дагы, зыян дагы таанылбайт. Буга ылайык, эми ишкана 800 000 а.б. финансылык милдеттенмелер жана 2 200 000 а.б. өздүк капитал катары баалайт. Ушул мисалдын максаттары үчүн бул суммалардын 20X1-жылдын 1-январы жана 20X2-жылдын 31-декабры ортосундагы мезгилде өзгөрүлбөгөндүгү талап кылынат.

*Уставга өзгөртүүлөрдү киргизүүдөн кийин*

A10 Уставына өзгөртүүлөрдү киргизгенден кийин кооперативдик ишкана ал тараптан чыгарылган үлүштөрдүн 25ке жакын пайызын же ар бири 20 а.б. боюнча максималдуу 50 000 үлүштү кайра сатып алууга милдеттүү болушу мүмкүн. Буга ылайык, 20X3-жылдын 1-январына карата абал боюнча кооперативдик ишкана 1 000 000 а.б. суммасын финансылык милдеттенме катары баалайт, бул сумма ФОЭС (IFRS) 13түн 47-пунктуна ылайык аныкталган кайра сатып алуу жөнүндө жоболорго ылайык аны талап кылуу учурунда төлөнө турган сумманы билдирет. Буга ылайык, 20X3-жылдын 1-январында ишкана өздүк капитал катары классификацияланган 2 000 000 а.б.

калтырып, 200 000 а.б. өлчөмүндөгү сумманы өздүк капиталдын курамынан финансылык милдеттенмелер курамына которот. Ушул мисалда ишкана которууну жүзөгө ашырууда пайданы же зыянды таанылбайт.

## 4-мисал

### Кырдаал

A11 Кооперативдердин ишмердүүлүгүн жөнгө салган жергиликтүү мыйзамдардын талаптарына, же ишкананын уставынын жоболоруна ылайык эгерде кайра сатып алуунун натыйжасында катышуучулар тарабынан төлөнгөн капиталдын көлөмү катышуучулар тарабынан төлөнгөн капиталдын эң көп көлөмүнөн 75 пайызга азыраак болуп калса, ишкана катышуучулардын үлүшүн кайра сатып алууну жүзөгө ашырууга укуктуу эмес болот. Каралып жаткан кооператив үчүн мындай эң көп көлөм 1 000 000 а.б. түзөт. Отчеттук мезгилдин аягына карата абал боюнча төлөнгөн капиталдын сальдосу 900 000 а.б. түзөт.

**Классификациялоо**

A12 Ушул учурда 750 000 а.б. өздүк капитал, ал эми 150 000 а.б. финансылык милдеттенмелер катары классификацияланат. Цитаталанган пункттарга кошумча катары ФОЭС (IAS) 32нин 18(b)-пунктунда төмөнкүлөр белгиленген:

> ...кармоочуга инструментти акча каражаттарына же башка финансылык активге алмашып («кайра артка сатуу укугу менен инструмент»), эмитентке кайтарып берүү укугун берген финансылык инструмент 16A жана 16B-пункттарына же 16C жана 16D-пункттарына ылайык үлүштүк инструменттер катары классификацияланган инструменттерден тышкары, финансылык милдеттенме болуп саналат. Мындай финансылык инструмент акча каражаттарынын же башка финансылык активдин суммасы индекстин же потенциалдуу түрдө көбөйүп же азайып турган башка өзгөрүлмө чоңдуктун негизинде аныкталгандыгына карабастан, финансылык милдеттенме болуп саналат. Кармоочуда ушул инструментти акча каражаттарына же башка финансылык активге алмашып, эмитентке кайтарып берүү мүмкүнчүлүгүнүн бар болгондугу 16A жана 16B-пункттарына же 16C жана 16D-пункттарына ылайык үлүштүк инструменттер катары классификацияланган инструменттерден тышкары, финансылык милдеттенме катары аныктоого жатат.

A13 Ушул мисалда сыпатталган кайра сатып алууга тыюу салуу ФОЭС (IAS) 32нин 19 жана AG25-пункттарында сыпатталган тыюу салуулардан айырмаланат. Акыркылары финансылык милдеттенмени төлөө үчүн талап кылынып жаткан сумманы төлөөгө ишкананын жөндөмдүүлүгүн чектеген шарттарды чагылдырат, б.а. алар белгилүү шарттарды аткарууда гана милдеттенмелерди төлөөгө тоскоолдук түзүшөт. Ал эми ушул мисалда ишкананын катышуучулардын үлүштөрүн кайра сатып алууну жүзөгө ашырууга жөндөмдүүлүгүнө карабастан (мисалы, анда бар болгон акча каражаттарын, пайданын көлөмдөрүн же бөлүштүрүлгөн резервдерди эсепке алуу менен), белгилүү суммадан ашык кайра сатып алууга шартсыз тыюу салуу сыпатталат. Негизинен, кайра сатып алууга тыюу салуу ишкана төлөнгөн капиталдын белгилүү бир суммасынан ашкан суммадагы кайра сатып алууну жүзөгө ашыруу финансылык милдеттенмесин өзүнө алуусуна жол бербейт. Буга ылайык, кайра сатып алууга тыюу салуу жайылтылган үлүштүн бөлүгү финансылык милдеттенме болуп саналбайт. Ошол эле учурда ар бир катышуучунун үлүштөрү жеке негизде кайра сатып алынууга жол бериши мүмкүн, чыгарылган үлүштөрдүн жалпы санынын бөлүгү ишкана жоюлгандан тышкары, эч бир жагдайларда кайра сатып алынууга жатпайт.

## 5-мисал

### Кырдаал

A14 Ушул мисалдын баштапкы шарттары ишканада бар болгон акча каражаттарынын жана кыска мөөнөттүү инвестицияларынын көлөмү белгилүү суммадан ашып кетмейинче ага катышуучулардын үлүштөрүн сатып алууну жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк бербеген ликвиддүүлүккө карата жергиликтүү мыйзамдарда белгиленген отчеттук мезгилдин аягына карата абал боюнча колдонулгандан тышкары, 4-мисалдагыдай эле болот. Ликвиддүүлүккө карата белгиленген талаптардын аракети отчеттук мезгилдин аягына карата абал боюнча ишкана катышуучулардын үлүштөрүн кайра сатып алууга 50 000 а.б. көп коротууга укугу жок болгондой таасири бар.

### Классификациялоо

A15 4-мисалдагыдай эле ишкана 750 000 а.б. өздүк капитал жана 150 000 а.б. финансылык милдеттенме катары классификациялайт. Бул мындай сумманы милдеттенме катары классификациялоо үчүн негиз болуп ликвиддүүлүк шарттары же башка шарттар аткарылбаса гана кайра сатып алууга тоскоолдук кылган жана ошол шарттар аткарылмайынча колдонулган шарттуу чектөөлөр эмес ишкананын кайра сатып алуудан баш тартууга шартсыз укугу саналаарына байланыштуу. Бул учурда ФОЭС (IAS) 32нин 19 жана AG25-пункттарынын жоболору колдонулат.

## 6-мисал

### Кырдаал

A16 Ишкананын уставында буга чейинки үч жылдын ичинде жаңы же бар болгон катышуучуларга үлүштөрдүн кошумча чыгарылышынан түшүүлөрдүн алкагында сатып алуудан тышкары, катышуучулардын үлүштөрүн сатып алууга тыюу салуу каралат. Катышуучулардын үлүштөрүн чыгаруудан түшүүлөр сатып алууну талап кылган катышуучулардан үлүштөрдү кайра сатып алуу үчүн колдонулушу керек. Буга чейинки үч жылдын ичинде катышуучулардын үлүштөрүн сатып алуудан түшүүлөр 12 000 а.б. түзгөн жана катышуучулардын үлүштөрүн кайра сатып алуу жүргүзүлгөн эмес.

### Классификациялоо

A17 Ишкана катышуучулардын үлүшүнүн көлөмүнөн 12 000 а.б. финансылык милдеттенмелер катары классификациялайт. 4-мисалда сыпатталган тыянактар сыяктуу эле кайра сатып алууга шартсыз тыюу алуу жайылтылган катышуучулардын үлүштөрү финансылык милдеттенмелер болуп саналбайт. Мындай шартсыз тыюу салуу буга чейинки үч жылды камтыган мезгилге чейин чыгарылган үлүштөрдөн түшүүлөрдүн көлөмүнө теӊ суммага карата колдонулат, жана буга ылайык бул сумма өздүк капитал катары классификацияланат. Бирок, сатып алууга шартсыз тыюу салуу буга чейинки үч жылда үлүштөрдүн чыгарылышынан түшүүлөрдүн көлөмүнө теӊ суммага жайылтылбайт. Буга ылайык, буга чейинки үч жылда катышуучулардын үлүштөрүн чыгаруудан түшүүлөр ошол түшүүлөрдү катышуучулардын үлүштөрүн сатып алуу үчүн колдонууга мүмкүн болмоюнча финансылык милдеттенмелердин пайда болушуна алып келет. Натыйжада ишкананын, белгиленген мезгилдин ичинде үлүштөрдү сатып алууга багытталган суммаларды алып салганда, буга чейинки үч жылдын ичинде үлүштөрдү чыгаруудан түшүүлөрдүн көлөмүндөгү финансылык милдеттенмеси бар болот.

## 7-мисал

### Кырдаал

A18 Ишкана кооперативдик банк болуп саналат. Кооперативдик банктардын ишмердүүлүгүн жөнгө салган жергиликтүү мыйзамдар ишкананын «төлөнбөгөн милдеттенмелеринин» (тийиштүү ченемдик акт менен аныкталган ушул термин катышуучулардын үлүштөрүн эсепке алуу боюнча эсептерди камтыйт) бардык суммасынан эң аз дегенде 50 пайызы катышуучулар тарабына төлөнгөн капитал формасында болушу керек деп белгилейт. Ушул ченемдик актынын таасири кооперативдин бардык төлөнбөгөн милдеттенмелери катышуучулардын үлүштөрүнүн формасында болсо, анда кооперативдин алардын баарын сатып алууга мүмкүнчүлүгү болот дегенде турат. 20X1-жылдын 31-декабрындагы абал боюнча ишкананын төлөнбөгөн милдеттенмелеринин жалпы суммасы 200 000 а.б. түзөт, алардын ичинен 125 000 а.б. катышуучулардын үлүштөрүн эсепке алуу боюнча эсептерди түзөт. Катышуучулардын үлүштөрүн эсепке алуу боюнча эсептер ачылган шарттарда үлүштүн кармоочусу аны өз талабы боюнча ишканага кайра артка сатууга укугу бар болгондугу каралат, жана ишкананын уставында мындай кайра сатып алууга тыюу салуулар жок.

**Классификациялоо**

A19 Ушул мисалда катышуучулардын үлүштөрү финансылык милдеттенмелер катары классификацияланат. Кайра сатып алууга тыюу салуу ФОЭС (IAS) 32нин 9 жана AG25-пункттарында сыпатталган чектөөлөргө окшош. Акыркылар финансылык милдеттенмени төлөө үчүн талап кылынган сумманы төлөп берүүгө ишкананын жөндөмдүүлүгүн чектеген шарттарды чагылдырат, башкача айтканда алар белгилүү гана шарттарды аткарууда милдеттенмелерди төлөөгө тоскоолдук кылат. Тагыраак айтканда, эгерде ишкана өзүнүн бардык башка милдеттенмелерин (75 000 а.б.) төлөсө, ал катышуучулардын бардык үлүштөрүн (125 000 а.б.) кайра сатып алууга милдеттүү болушу мүмкүн. Буга ылайык, кайра сатып алууга болгон ушул тыюу салуу катышуучулардын үлүшүнүн белгилүү санынан же төлөнгөн суммадан ашпаган көлөмдө кайра сатып алуу боюнча финансылык милдеттенмени ишкана өзүнө алууга тоскоолдук кылбайт. Бул тыюу салуу айрым шартты аткарууга чейин, башкача айтканда башка милдеттенмелерин төлөөгө чейин ишканага кайра сатып алууну кийинкиге калтырууга мүмкүнчүлүк берет. Ушул мисалдагы катышуучулардын үлүштөрү кайра сатып алууга шартсыз тыюу салуунун таасирине кирбейт, буга ылайык, милдеттенмелер катары классификацияланат.

 © ФОЭС Фонду